Ынтымак айыл өкмөтүнүн
«___» ________ 2026 ж. № ___
тескемесине № 1 Тиркеме

**Ынтымак айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин коррупцияга каршы жүрүм-турумдук стандарттары**

**1-глава. Жалпы жоболор**

1. Ушул Кыргыз Республикасынын Ынтымак айыл өкмөтүнүн кызматчыларынын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун стандарттары (мындан ары –стандарттар) коррупцияны алдын алууга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген коррупцияга каршы чектөөлөрдү, тыюу салууларды жана талаптарды кыйшаюусуз сактоону камсыз кылууга багытталган Ынтымак айыл өкмөтүнүн кызматчылар (мындан ары – кызматчылар) аткарууга милдеттүү болгон бирдиктүү талаптарды жана алардын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун моделин аныктайт.
2. Ушул стандарттарды киргизүүнүн максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:
1) кызматчылардын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун талаптарын белгилөө;
2) кызыкчылыктардын кагылышуусунун келип чыгуу тобокелдиктерин минималдаштыруу;
3) кызматтык абалын кызматтын кызыкчылыгына каршы кыянаттык менен пайдаланууну алдын алуу;
4) кызматтык чөйрөдө коррупциялык көрүнүштөргө чыдамсыздык мамилени калыптандыруу;
5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алынуучу чечимдердин ачыктыгын, айкындуулугун жана негиздүүлүгүн камсыз кылуу.
3. Ушул стандарттардын негизинде Ынтымак айыл өкмөтү өз алдынча башкаруу органдары функцияларынын, уюштуруу түзүмүнүн өзгөчөлүктөрүн жана коррупциялык тобокелдиктердин деңгээлин эске алуу менен кызматчылардын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун стандарттарын жөнгө салуучу локалдык актыларды иштеп чыгууну жана бекитүүнү камсыз кылат.

**2-глава. Коррупцияга каршы жүрүм-турумдун принциптери**

4. Кызматчынын коррупцияга каршы жүрүм-туруму төмөнкүдөй принциптерди практикалык сактоого негизделет:
1) кабыл алынуучу чечимдердин мыйзамдуулугу, объективдүүлүгү жана негиздүүлүгү;
2) ак ниеттүүлүк, калыстык, ачыктык жана отчёттуулук;

3) коомдук кызыкчылыктардын жеке кызыкчылыктардан артыкчылыгы, кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол берилбестиги;
4) кызматтык аракеттердин ачык-айкындыгы жана көзөмөлдөнүшү;
5) коррупциянын бардык түрдөгү көрүнүштөрүнө чыдамсыздык;
6) кабыл алынуучу чечимдерге жана алардын кесепеттерине жеке жоопкерчилик тартуу.

## 3-глава. Коррупцияга каршы ченемдерди сактоо боюнча кызматчылардын милдеттери

5. Кызматчы кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууда төмөнкүлөргө милдеттүү:
1) жеке кызыкчылыкты четке кагуу менен мыйзамдын негизинде гана кызматтык ишти жүзөгө ашырууга жана чечимдерди кабыл алууга;
2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген коррупцияга каршы чектөөлөрдү, тыюу салууларды, талаптарды жана милдеттерди сактоого;
3) чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда коррупциялык тобокелдиктерди алдын ала аныктоого жана баалоого;
4) өзүнүн калыстыгына, ак ниеттүүлүгүнө жана сатылбагандыгына күмөн жаратууга алып келген же муниципалдык кызматка болгон ишенимди кетире турган жүрүм-турумдан кармануга;
5) муниципалдык мүлктүн, жергиликтүү бюджеттин каражаттарыжана башка ресурстардын мыйзамдуу жана максаттуу пайдаланылышын камсыз кылууга;
6) кызматтык аракеттердин жана кабыл алынуучу чечимдердин ачыктыгын, негиздүүлүгүн жана талаптагыдай документтештирилишин камсыз кылууга;
7) кызматтык ишти төмөнкүлөрдү четке кагуучу шарттарда жүзөгө ашырууга:
- айрым адамдарга негизсиз артыкчылыктарды берүү;
- формалдуу эмес макулдашуулардын таасири;
- жарандардын жана уюмдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын негизсиз чектөө;
8) кызматтык маалыматты, анын ичинде чектелген жеткиликтүүлүктөгү маалыматтарды мыйзамдардын талаптарын сактоо менен кызматтык максаттарга гана пайдаланууга;
9) кызматтык ыйгарым укуктарды жеке пайда көрүү же артыкчылыктарды алуу максатында пайдаланууга жол бербөөгө;
10) анын ишинин жыйынтыгына кызыкдар болгон жеке жана юридикалык жактар менен кызматтык өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырууда кызматтык этиканын талаптарын сактоого;
11) юридикалык кесепеттерге алып келүүчү кызматтык аракеттерди, ошондой эле кабыл алынуучу чечимдерди жана кызматтык өз ара аракеттенүүнү белгиленген тартипте документтештирүүгө, анын ичинде маалыматтык (санариптик) системаларды колдонуу менен;
12) коррупцияга каршы талаптардын бузулушуна алып келүүчү жагдайларга

токтоосуз жооп кайтарууга жана аларды алдын алуу боюнча чараларды көрүүгө.

## 4-глава. Кызматтык жүрүм-турумдагы коррупцияга каршы чектөөлөр

6. Кызматчыга төмөнкүлөр тыюу салынат:

1) айрым жеке же юридикалык жактар үчүн артыкчылыктуу шарттарды түзгөн же башка жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын негизсиз чектөөгө алып келген аракеттерди жүзөгө ашырууга;

2) жеке кызыкчылык болгондо же анын келип чыгуу тобокелдиги бар учурда чечимдерди кабыл алууга же аларды даярдоого катышууга, ошондой эле кызыкчылыктардын кагылышуусуна алып келүүгө жөндөмдүү башка аракеттерди жасоого;

3) кабыл алынуучу чечимдердин объективдүүлүгүнө жана калыстыгына таасир этүүгө жөндөмдүү кызыкдар адамдар менен формалдуу эмес өз ара аракеттенүүгө;

4) муниципалдык мүлктү, жергиликтүү бюджеттин каражаттары, кызматтык транспортту, кызматтык маалыматты жана башка ресурстарды жеке, кызматтык эмес максаттарда же үчүнчү жактардын кызыкчылыктарында пайдаланууга;

5) Ынтымак айыл өкмөтүнүн ишине, алардын карамагындагы уюмдарга, ошондой эле кызмат адамдары кабыл алган чечимдерге мыйзамсыз таасир этүү;

6) муниципалдык кызматка болгон коомдун ишенимин кетирүүгө жөндөмдүү аракеттерди (аракетсиздикти) жасоого жол берүүгө;

7) административдик тоскоолдуктарды жаратууга, кайрылууларды кароо жана чечимдерди кабыл алуу мөөнөттөрүн негизсиз создуктурууга;

8) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралбаган документтерди жана маалыматтарды арыз ээлеринен талап кылууга;

9) кызматтык милдеттерди аткарууга байланыштуу белектерди, сыйлыктарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана башка артыкчылыктарды алуу (анын ичинде көңүл ачуу, эс алуу, мейманканада жашоо жана транспорттук чыгымдарды төлөө), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Ынтымак айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүлүп берилүүгө тийиш болгон протоколдук белектерден тышкары;

10) жакын туугандарын жана аффилирленген адамдарын кызматка тандоо, дайындоо жана кызмат боюнча көтөрүү жол-жоболоруна катышууга же башка кызматтык колдоо көрсөтүүгө, ага тете аларга негизсиз артыкчылык берүүгө жана артык көрүүгө жол берүүгө;

11) Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарынын талаптарына жана кызматтык этиканын ченемдерине каршы келген башка аракеттерди (аракетсиздикти) жасоого.

## 5-глава. Кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуу

7. Кызматчы кызыкчылыктардын кагылышуусунун келип чыгышына алып келиши мүмкүн болгон жагдайларды өз алдынча аныктоого милдеттүү жана кызыкчылыктардын кагылышуусу же анын келип чыгуу тобокелдиги болгон учурда тиешелүү чечимдерди кабыл алганга же аракеттерди жасаганга чейин төмөнкүлөргө милдеттүү:
1) өзүнүн жеке кызыкчылыгына таасирин тийгизген тиешелүү аракеттерге же чечимдерге катышуудан баш тартууга;
2) белгиленген тартипте түздөн-түз жетекчиге кабарлоону камсыз кылууга;
3) кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнгө салынгандан кийин андан аркы аракеттерди жүзөгө ашырууга.
8. Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө кабарлоону алган же анын келип чыккандыгын башка жол менен билген жетекчи аны жөнгө салуу боюнча токтоосуз чараларды көрөт, анын ичинде кызматчыны чечимдерди кабыл алууга катышуудан четтетет, ыйгарым укуктарды (тапшырмаларды) кайра бөлүштүрөт жана Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктардын кагылышуусу чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген башка чараларды көрөт.

## 6-глава. Коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу

9. Кызматчы кызматтык милдеттерин аткарууда төмөнкүлөргө милдеттүү:
1) өз компетенциясынын чегинде коррупциялык тобокелдиктерди табууга;
2) коррупциялык тобокелдиктердин келип чыгуу ыктымалдыгын жана мүмкүн болуучу кесепеттерин эске алуу менен баалоого;
3) коррупциялык тобокелдиктерди алдын алуу, четтетүү же азайтуу боюнча чараларды демилгелөөгө жана көрүүгө;
4) ченемдик укуктук актыларда же алардын структуралык элементтеринде камтылган, дискрециялык ыйгарым укуктарды караган жана коррупциялык укук бузууларды жасоо үчүн шарттарды түзгөн коррупциогендик факторлорду четтетүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;
5) Ынтымак айыл өкмөтүндөгү коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар менен белгиленген тартипте, административдик жол-жоболордун бузулушуна жана коррупциялык жүрүм-турум фактыларына ыкчам чара көрүүнү камсыз кылууга багытталган башка чараларды көрүү.

## 7-глава. Стандарттарды ишке ашыруу жана сактоого ички контролду жүзөгө ашыруу механизмдери

10. Ынтымак айыл окмотунун жетекчиси ушул стандарттарды кызматтык ишмердүүлүккө киргизүүнү камсыз кылуу, коррупциялык көрүнүштөргө жол бербеген уюштуруу чөйрөсүн түзүү үчүн жеке жоопкерчилик тартат.
11. Ушул стандарттарды ишке ашыруу төмөнкүлөр аркылуу камсыздалат:
1) кызматкерлерди кызматка киришкен учурда ушул стандарттар менен жеке кол тамгасын коюу же электрондук колтамганы колдонуу менен тааныштыруу;
2) ушул стандарттардын сакталышынын мониторингин уюштурууга жана

жүзөгө ашырууга жооптуу кызмат адамын аныктоо;
3) коррупцияга каршы жүрүм-турумдун талаптарын кызматтык регламенттерге, түзүмдүк бөлүмдөр жөнүндө жоболорго жана башка ички уюштуруу-тескөөчү документтерге интеграциялоо;
4) тиешелүү органдын функцияларынын, ыйгарым укуктарынын жана тармагынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ушул стандарттардын негизинде Ынтымак айыл өкмөтүнүн муниципалдык кызматчыларынын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун стандарттарын кабыл алуу жана актуалдаштыруу;
5) кызматчыларга коррупцияга каршы укуктук аң-сезимди, укуктук маданиятты жана коррупциялык жүрүм-турумга чыдамсыздыкты калыптандырууга багытталган системалуу окутууну, маалыматтык-түшүндүрүү жана алдын алуу ишин жүргүзүүнү уюштуруу;
6) ички контролдоо механизмдерин киргизүү жана анын иштөөсүн камсыз кылуу;
7) кызматчылардын кызматтык ишин баалоону жүргүзүүдө коррупцияга каршы жүрүм-турумдун стандарттарынын талаптарынын сакталышын эсепке алуу;
8) ушул стандарттарды колдонуу жана сактоо практикасына үзгүлтүксүз негизде талдоо жүргүзүү, анын ичинде алардын бузулушуна өбөлгө түзгөн себептерди жана шарттарды аныктоо, көрүлгөн чаралардын натыйжалуулугун баалоо, ошондой эле кийин алдын алуу жана түзөтүү иш-чараларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
9) локалдык укуктук актыларды ушул стандарттарга шайкеш келтирүүнү камсыз кылуу;
10) коррупцияга каршы аракеттенүү, кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу, мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат, кызматтык этика чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары өзгөргөн учурда, ошондой эле укук колдонуу практикасына жүргүзүлгөн талдоонун, аларды колдонуунун натыйжалуулугун баалоонун жыйынтыктары жана коррупцияны алдын алуу механизмдерин өркүндөтүү зарылчылыгы боюнча коррупцияга каршы жүрүм-турум стандарттарын мезгил-мезгили менен кайра кароону жана актуалдаштырууну жүзөгө ашыруу.
12. Коррупциялык укук бузууларды алдын алуу максатында кызматчылар кызматтык милдеттерин аткарууда ушул стандарттардын тиркемесине ылайык текшерүүнүн чек-барагын колдонуу менен өзүн-өзү коррупцияга каршы текшерүүнү жүзөгө ашырат.
Текшерүүнүн чек-барагы Ынтымак айыл өкмөтүндө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлгөн коррупциялык тобокелдиктерге баа берүүнүн жыйынтыктарын, аткарылып жаткан функциялардын жана кабыл алынган чечимдердин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тобокелдикке багытталган ыкманын негизинде аныкталуучу, коррупциялык жактан жогорку аялуулугу менен мүнөздөлгөн кызматтык ишти өз алдынча баалоонун коррупцияга каршы инструменти болуп саналат.
Өзүн-өзү текшерүү процесси мамлекеттик маалыматтык системаларды,

адистештирилген санариптик платформаларды жана жол-жоболорду автоматташтырууну, ачык-айкындуулукту, көзөмөлдөөнү жана натыйжаларды каттоону камсыз кылган башка электрондук инструменттерди колдонуу менен жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Коррупцияга каршы өзүн-өзү текшерүүнүн жыйынтыктары ички контролду жүзөгө ашырууда эске алынат, ошондой эле административдик жол-жоболорду өркүндөтүү, башкаруу чечимдеринин натыйжалуулугун жогорулатуу жана коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу үчүн колдонулат.

13. Ынтымак айыл өкмөтү ушул Стандарттарды колдонууда жана ишке ашырууда коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы жана муниципалдык кызмат иштери боюнча органы менен өз ара аракеттенет, алардын методикалык сунуштарын жетекчиликке алат, ошондой эле алар тарабынан өткөрүлүүчү коррупцияга каршы чаралардын натыйжалуулугун мониторинг жүргүзүү жана баалоо иш-чараларына катышат.

## 8-глава. Стандарттарды сактабагандыгы үчүн жоопкерчилик

14. Кызматкер тарабынан ушул стандарттардын талаптарын бузуу, ага Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте ээлеген кызматынан бошотууга чейин тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонууга алып келет.

15. Кызматчынын аракеттеринде (аракетсиздигинде) укук бузуунун же коррупциялык мүнөздөгү кылмыштын белгилери аныкталган учурда Ынтымак айыл өкмөтүнүн жетекчиси өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тиешелүү материалдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечим кабыл алуу үчүн прокуратура органдарына же укук коргоо органдарына жиберет.

16. Ынтымак айыл өкмөтүнүн жетекчиси тарабынан ушул стандарттардын бузулушуна жол берилбесе же кызматкерлер тарабынан алардын жасалгандыгы тууралуу фактылар жашырылса, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тартиптик жоопкерчиликке тартылат.

Ынтымак айыл өкмөтүнүн
«___» ________ 2026 ж. № ___
тескемесине № 2 Тиркеме

**Коррупцияга каршы өзүн-өзү текшерүүнүн чек-барагы**

Антикоррупциялык өзүн-өзү текшерүү маалыматтык-жардамчы мүнөзгө ээ жана Ынтымак айыл өкмөтүнүн кызматкерлери тарабынан өзүн-өзү контролдоо, коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу, кызыкчылыктардын потенциалдуу жана реалдуу чыр-чатактарын өз убагында аныктоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын жана Ынтымак айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин антикоррупциялык жүрүм-турум стандарттарынын талаптарына пландаштырылган жана кабыл алынган чечимдердин, жасалган аракеттердин (аракетсиздиктин) шайкештигин алдын ала баалоо максатында колдонулат.

**Коррупцияга каршы өзүн-өзү текшерүүнүн контролдук суроолору**

| Категориясы | Контролдук суроо | Жооптор |
|---|---|---|
| Ыйгарым укуктар жана мыйзамдуулук | Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык мага берилген ыйгарым укуктардын чегинде аракеттерди кылып жатамбы? | ооба<br>жок |
| | Менин аракеттерим (аракетсиздигим) компетенциянын чегинен чыгабы жана кызматтык ыйгарым укуктарды кыянаттык менен пайдалануу белгилерин камтыйбы? | ооба<br>жок |
| | Менин аракеттерим (аракетсиздигим) коррупциялык тобокелдиктин пайда болушуна шарт түзөбү? | ооба<br>жок |
| | Мен кабыл алынган чечимди мыйзамдуулук, негиздүүлүк жана кызматтык зарылчылык жагынан негиздей аламбы? | ооба<br>жок |
| Кызыкчылыктардын кагылышуусу | Кабыл алынып жаткан чечимге менин жеке (түз же кыйыр) кызыкчылыгым барбы? | ооба<br>жок |
| | Каралып жаткан маселеде менин жакын туугандарымдын же аффилирленген жактардын мүлктүк, | ооба<br>жок |

| | | |
|---|---|---|
| | финансылык же башка кызыкчылыктары барбы? | |
| | Жеке, ишкердик же башка мамилелер менен байланышта болгон жеке жана (же) юридикалык жактарга карата чечимдерди даярдоого же кабыл алууга катышып жатамбы? | ооба<br>жок |
| | Мен келип чыккан же келип чыгышы мүмкүн болгон кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө түздөн-түз жетекчиме белгиленген тартипте кабарладымбы? | ооба<br>жок |
| | Кызыкчылыктардын кагылышуусун алдын алуу же жөнгө салуу боюнча чаралар (өзүн-өзү четтетүү, ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жана башка чаралар) көрүлдүбү? | ооба<br>жок |
| | Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган негиздер болгондо өздүк (жеке) кызыкчылыктар жөнүндө декларация белгиленген тартипте берилдиби? | ооба<br>жок<br>колдонулбайт |
| Жеке жана юридикалык жактар менен өз ара аракеттенүү | Мен өз ара аракеттенүүнү ыйгарым укуктардын чегинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырып жатамбы? | ооба<br>жок |
| | Мен өз ара аракеттенүүдө калыстыкты, теңдикти жана басмырлоосуз мамилени камсыз кылып жатамбы? | ооба<br>жок |
| | Мен кабыл алынуучу чечимдердин мыйзамдуулугуна жана калыстыгына таасир этүүгө жөндөмдүү формалдуу эмес байланыштардан жана башка аракеттерден алысмынбы? | ооба<br>жок |
| | Бардык кызматтык байланыштар жана өз ара аракеттенүүлөр белгиленген тартипте катталып жатабы? | ооба<br>жок |
| Коррупциялык укук бузуулар жөнүндө кабарлоо | Мени коррупциялык укук бузуу жасоого көндүрүү фактылары жөнүндө жетекчиликке же ыйгарым укуктуу органдарга белгиленген тартипте билдирдимби? | ооба<br>жок |

| | | |
|---|---|---|
| | Мындай тиешелүү жагдайларды (эгер бар болсо) каттоо жана документтештирүү боюнча чараларды көрдүмбү? | ооба<br>жок |
| Белектер жана жеке пайда көрүүлөр | Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган учурларды кошпогондо, кызматтык милдеттеримди аткарууга байланыштуу кандайдыр бир пайданы түздөн-түз же кыйыр түрдө алдымбы? | ооба<br>жок |
| | Алынган протоколдук жана башка жол берилген белектер мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын балансына белгиленген тартипте өткүрүлүп берилдиби? | ооба<br>жок<br>колдонулбайт |
| | Кандай болбосун алынган пайданын мен кабыл ала турган чечимдердин калыстыгына жана объективдүүлүгүнө таасири жокко чыгарылганбы? | ооба<br>жок |
| Финансылык ачыктык | Кирешелер, чыгашалар, мүлк жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелер жөнүндө маалыматтар өз убагында берилдиби? | ооба<br>жок |
| | Берилген маалыматтар толукпу, аныкпы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жооп береби? | ооба<br>жок |
| Кызматтык этиканы сактоо жана аброй жоготуу тобокелдиктери | Менин аракеттерим мыйзамдуулук, ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк жана калыстык принциптерине дал келеби? | ооба<br>жок |
| | Менин аракеттеримди (чечимдеримди) калыс эмес, негизсиз же коррупциялык себептер менен жасалган деп кабыл алуу ыктымалдыгы жокко чыгарылганбы? | ооба<br>жок |
| | Менин аракеттерим мамлекеттик (муниципалдык) кызматтын кадыр-баркын жана тиешелүү органга болгон ишенимди кетиреби? | ооба<br>жок |

Эскертүү:

1. Эгерде контролдук суроолордун бирине же бир нечесине терс жооп (коррупциялык тобокелдик аныкталса) алынган учурда, кызматкер төмөнкүлөргө милдеттүү:

- тийиштүү чечимди кабыл алуудан же аракетти (аракетсиздикти) жасоодон баш тартуу;
- дароо эле түздөн-түз жетекчисин кабардар кылуу;
- аныкталган бузууларды алдын алуу, жоюу жана (же) коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу боюнча чараларды көрүү.

2. Бул чек-баракчаны колдонуу туруктуу антикоррупциялык маданиятты калыптандырууга, кызматкерлердин укуктук аң-сезимин жана жоопкерчилигин жогорулатууга, мыйзамдуулук, ачык-айкындуулук жана отчеттуулук принциптерин сактоону камсыз кылууга, ошондой эле Ынтымак айыл өкмөтүндө коррупциялык укук бузууларды алдын алууга өбөлгө түзөт.

Приложение № 1
к распоряжению
Ынтымакского айыл окмоту
от “__”______ 2026 года №__

# Стандарты антикоррупционного поведения служащих Ынтымакского айыл окмоту

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящие Стандарты антикоррупционного поведения служащих Ынтымакского айыл окмоту (далее – стандарты) определяют обязательные для исполнения единые требования и модель антикоррупционного поведения служащих Ынтымакского айыл окмоту (далее – служащие), направленные на предупреждение коррупции, обеспечение неукоснительного соблюдения антикоррупционных ограничений, запретов и требований, установленных законодательством Кыргызской Республики, добросовестного исполнения должностных обязанностей и укрепление доверия общества к муниципальной службе.
2. Целями внедрения настоящих стандартов являются:
1) установление требований к антикоррупционному поведению служащих;
2) минимизация рисков возникновения конфликта интересов;
3) предотвращение злоупотребления служебным положением вопреки интересам службы;
4) формирование в служебной среде нетерпимого отношения к коррупционным проявлениям;
5) обеспечение открытости, прозрачности и обоснованности принимаемых решений в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

3. Ынтымакский айыл окмоту на основе настоящих стандартов обеспечивает разработку и утверждение локальных актов, регулирующих стандарты антикоррупционного поведения служащих с учетом особенностей функций, организационной структуры и уровня коррупционных рисков.

## Глава 2. Принципы антикоррупционного поведения

4. Антикоррупционное поведение служащего основывается на практическом соблюдении следующих принципов:
   1) законность, объективность и обоснованность принимаемых решений;
   2) добропорядочность, беспристрастность, прозрачность и подотчетность;
   3) приоритет общественных интересов перед личными, недопустимость конфликта интересов;
   4) прозрачность и прослеживаемость служебных действий;
   5) нетерпимость к любым формам проявления коррупции;
   6) персональная ответственность за принимаемые решения и их последствия.

## Глава 3. Обязанности служащих по соблюдению антикоррупционных норм

5. Служащий при исполнении должностных полномочий обязан:

1) осуществлять служебную деятельность и принимать решения исключительно на основе закона, исключая личную заинтересованность;
2) соблюдать антикоррупционные ограничения, запреты, требования и обязанности, установленные законодательством Кыргызской Республики;
3) заблаговременно выявлять и оценивать коррупционные риски при подготовке и принятии решений;
4) воздерживаться от поведения, способного вызвать сомнение в его беспристрастности, добросовестности и неподкупности, или подорвать доверие к муниципальной службе;
5) обеспечивать законное и целевое использование муниципального имущества, бюджетных средств и иных ресурсов;
6) обеспечивать прозрачность, обоснованность и надлежащее документирование служебных действий и принимаемых решений;
7) осуществлять служебную деятельность в условиях, исключающих:
   - предоставление необоснованных преимуществ отдельным лицам;
   - влияние неформальных договоренностей;
   - необоснованное ограничение прав и законных интересов граждан и организаций;
8) использовать служебную информацию исключительно в служебных целях с соблюдением требований законодательства, в том числе в отношении сведений ограниченного доступа;

   не допускать использования должностных полномочий в целях получения личной выгоды или преимуществ;
9) соблюдать требования служебной этики при осуществлении служебного взаимодействия с физическими и юридическими лицами, заинтересованными в результатах его деятельности;
10) документировать служебные действия, имеющие юридические последствия, а также принимаемые решения и служебное взаимодействие, в том числе с использованием информационных (цифровых) систем, в установленном порядке;
11) незамедлительно реагировать на обстоятельства, способные привести к нарушению антикоррупционных требований, и принимать меры по их предотвращению.

## Глава 4. Антикоррупционные ограничения в служебном поведении

6. Служащему запрещается:

1) осуществлять действия, создающие преимущественные условия для отдельных физических или юридических лиц либо приводящие к необоснованному ограничению прав и законных интересов других лиц;

2) принимать решения или участвовать в их подготовке при наличии личной заинтересованности либо риска ее возникновения, а также совершать иные действия, способные привести к возникновению конфликта интересов;

3) вступать в неформальное взаимодействие с заинтересованными лицами, способное повлиять на объективность и беспристрастность принимаемых решений;
4) использовать муниципальное имущество, средства местного бюджета, служебный транспорт, служебную информацию и иные ресурсы в личных, неслужебных целях либо в интересах третьих лиц;
5) оказывать неправомерное влияние на деятельность Ынтымакского айыл окмоту, их подведомственных организаций, а также на решения, принимаемые их должностными лицами;
6) допускать совершение действий (бездействие), способных подорвать доверие общества к муниципальной службе;
7) создавать административные барьеры, необоснованно затягивать сроки рассмотрения обращений и принятия решений;
8) требовать от заявителей представления документов и сведений, не предусмотренных нормативными правовыми актами Кыргызской Республики;
9) принимать подарки, вознаграждения, услуги (включая оплату развлечений, отдыха, гостиничных и транспортных расходов) и получать иные выгоды в связи с исполнением служебных обязанностей, за исключением протокольных подарков, подлежащих передаче в установленном законодательством Кыргызской Республики порядке на баланс Ынтымакского айыл окмоту.
10) участвовать в процедурах подбора, назначения и продвижения по службе или оказывать иное служебное покровительство в отношении близких родственников и аффилированных лиц, а равно допускать предоставление им необоснованных преимуществ или предпочтений;
11) совершать иные действия (бездействие), противоречащие требованиям антикоррупционного законодательства Кыргызской Республики и нормам служебной этики.

## Глава 5. Урегулирование конфликта интересов

7. Служащий обязан самостоятельно выявлять ситуации, которые могут привести к возникновению конфликта интересов, и до принятия соответствующих решений или совершения действий при наличии конфликта интересов либо риска его возникновения обязан:
1) воздержаться от участия в соответствующих действиях или решениях, затрагивающих его личную заинтересованность;
2) обеспечить уведомление непосредственного руководителя в установленном порядке;
3) осуществлять дальнейшие действия после урегулирования конфликта интересов.
8. Руководитель, получивший уведомление о конфликте интересов либо иным образом узнавший о его наличии, безотлагательно принимает меры по его урегулированию, включая отстранение служащего от участия в принятии решений, перераспределение полномочий (поручений) и иные меры, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики в сфере конфликта интересов.

## Глава 6. Управление коррупционными рисками

9. Служащий при исполнении должностных обязанностей обязан:

1) выявлять коррупционные риски в пределах своей компетенции;
2) оценивать коррупционные риски с учетом вероятности их наступления и возможных последствий;
3) инициировать и принимать меры по предупреждению, устранению или снижению коррупционных рисков;
4) вносить предложения по устранению коррупциогенных факторов, содержащихся в нормативных правовых актах или их структурных элементах, предусматривающих дискреционные полномочия и создающих условия для совершения коррупционных правонарушений;
5) принимать иные меры, направленные на обеспечение оперативного реагирования на нарушения административных процедур и факты коррупционного поведения, в порядке, установленном нормативными правовыми актами, регулирующими вопросы управления коррупционными рисками в Ынтымакском айылокмоту.

## Глава 7. Механизмы реализации и осуществления внутреннего контроля за соблюдением стандартов

10. Руководитель Ынтымакского айыл окмоту несет персональную ответственность за обеспечение внедрения настоящих стандартов в служебную деятельность, формирование организационной среды, исключающей условия для коррупционных проявлений.

11. Реализация настоящих стандартов обеспечивается посредством:

1) ознакомления служащих с настоящими стандартами при поступлении на службу с подтверждением личной подписью или с использованием электронной подписи;
2) определения должностного лица, ответственного за организацию и осуществление мониторинга соблюдения настоящих стандартов;
3) интеграции требований антикоррупционного поведения в должностные регламенты, положения о структурных подразделениях и иные внутренние организационно-распорядительные документы;
4) актуализации стандартов антикоррупционного поведения служащих Ынтымакского айыл окмоту с учетом изменения функций, полномочий и особенностей деятельности айыл окмоту;
5) организации систематического обучения служащих, проведения информационно-разъяснительной и профилактической работы, направленной на формирование антикоррупционного правосознания, правовой культуры и нетерпимости к коррупционному поведению;
6) внедрения и обеспечения функционирования механизмов внутреннего контроля;
7) учета соблюдения служащими требований стандартов антикоррупционного поведения при проведении оценки их служебной деятельности;
8) проведения на регулярной основе анализа практики применения и соблюдения настоящих стандартов, включая выявление причин и условий,

способствующих их нарушению, оценку эффективности принятых мер, а также последующую разработку и реализацию корректирующих и предупреждающих мероприятий;

9) обеспечения приведения локальных правовых актов в соответствие с настоящими стандартами;

10) осуществления периодического пересмотра и актуализации стандартов антикоррупционного поведения в случае изменения законодательства Кыргызской Республики в сфере противодействия коррупции, управления конфликтом интересов, муниципальной службы, служебной этики, а также по результатам анализа правоприменительной практики, оценки эффективности их применения и необходимости совершенствования механизмов предупреждения коррупции.

12. В целях предупреждения коррупционных правонарушений служащие при исполнении служебных обязанностей осуществляют антикоррупционную самопроверку с использованием чек-листа согласно приложению к настоящим стандартам.

Чек-лист является антикоррупционным инструментом самооценки служебной деятельности, характеризующейся повышенной коррупционной уязвимостью, определяемой на основе риск-ориентированного подхода с учетом специфики выполняемых функций и принимаемых решений, а также результатов оценки коррупционных рисков, проведенной в соответствии с нормативными правовыми актами, регулирующими вопросы управления коррупционными рисками в Ынтымакском айыл окмоту.

Процесс самопроверки может осуществляться с использованием государственных информационных систем, специализированных цифровых платформ и иных электронных инструментов, обеспечивающих автоматизацию процедур, прозрачность, прослеживаемость и фиксацию результатов.

Результаты антикоррупционной самопроверки подлежат учету при осуществлении внутреннего контроля, а также используются для совершенствования административных процедур, повышения эффективности управленческих решений и минимизации коррупционных рисков.

13. Ынтымакский айыл окмоту при применении и реализации настоящих Стандартов взаимодействует с уполномоченным государственным органом по вопросам предупреждения коррупции и органом по делам муниципальной службы, руководствуется их методическими рекомендациями, а также участвует в проводимых ими мероприятиях по мониторингу и оценке эффективности антикоррупционных мер.

## Глава 8. Ответственность за несоблюдение стандартов

14. Нарушение служащим требований настоящих Стандартов влечет применение к нему мер дисциплинарной ответственности, вплоть до освобождения от занимаемой должности (увольнения), в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики в сфере муниципальной службы и трудовым законодательством Кыргызской Республики.

15. При выявлении в действиях (бездействии) служащего признаков правонарушения или преступления коррупционного характера руководитель Ынтымакского айыл окмоту направляет соответствующие материалы в органы прокуратуры или правоохранительные органы для принятия решения в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

16. Непресечение руководителем Ынтымакского айыл окмоту выявленных нарушений настоящих стандартов или сокрытие фактов их совершения служащими влечет дисциплинарную ответственность в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.

Приложение № 2
к распоряжению
Ынтымакского айыл окмоту
от “__”______ 2026 года №__

**Чек-лист антикоррупционной самопроверки**

Антикоррупционная самопроверка носит информационно-вспомогательный характер и применяется служащими Ынтымакского айыл окмоту в целях осуществления самоконтроля, минимизации коррупционных рисков, своевременного выявления потенциальных и реальных конфликтов интересов, а также предварительной оценки соответствия планируемых и принимаемых решений, совершаемых действий (бездействия) требованиям нормативных правовых актов Кыргызской Республики и стандартов антикоррупционного поведения служащих Ынтымакского айыл окмоту.

**Контрольные вопросы антикоррупционной самопроверки**

| Категория | Контрольный вопрос | Ответы |
|---|---|---|
| Полномочия и законность | Действую ли я в пределах предоставленных полномочий в соответствии с нормативными правовыми актами Кыргызской Республики? | да<br>нет |
| | Выходят ли мои действия (бездействие) за пределы компетенции и содержат ли признаки злоупотребления должностными полномочиями? | да<br>нет |
| | Создают ли мои действия (бездействие) условия для возникновения коррупционного риска? | да<br>нет |
| | Могу ли я обосновать принятое решение с точки зрения законности, обоснованности и служебной необходимости? | да<br>нет |
| Конфликт интересов | Имеется ли у меня личная (прямая или косвенная) заинтересованность в принимаемом решении? | да<br>нет |
| | Имеются ли в рассматриваемом вопросе имущественные, финансовые или иные интересы у моих близких родственников или аффилированных лиц? | да<br>нет |
| | Участвую ли я в подготовке или принятии решений в отношении физических и (или) юридических лиц, с которыми связан(а) личными, деловыми | да<br>нет |

| | | |
|---|---|---|
| | или иными отношениями? | |
| | Уведомил(а) ли я в установленном порядке непосредственного руководителя о возникшем или потенциальном конфликте интересов? | да<br>нет |
| | Приняты ли меры по предотвращению или урегулированию конфликта интересов (самоотвод, передача полномочий и иные меры)? | да<br>нет |
| | Представлена ли в установленном порядке декларация о личных (частных) интересах при наличии оснований, предусмотренных нормативными правовыми актами Кыргызской Республики? | да<br>нет<br>не применимо |
| Взаимодействие с физическими и юридическими лицами | Осуществляю ли я взаимодействие исключительно в пределах полномочий и в соответствии с нормативными правовыми актами Кыргызской Республики? | да<br>нет |
| | Обеспечиваю ли я объективность, равенство и недискриминационный подход при взаимодействии? | да<br>нет |
| | Избегаю ли я неформальных контактов и иных действий, способных повлиять на законность и беспристрастность принимаемых решений? | да<br>нет |
| | Фиксируются ли все служебные контакты и взаимодействия в установленном порядке? | да<br>нет |
| Уведомление о коррупционных правонарушениях | Сообщил(а) ли я в установленном порядке руководству или уполномоченным органам о фактах склонения к совершению коррупционного правонарушения? | да<br>нет |
| | Принял(а) ли я меры по фиксации и документированию соответствующих обстоятельств (при наличии)? | да<br>нет |
| Подарки и личная выгода | Получаю ли я прямо или косвенно какую-либо выгоду в связи с исполнением служебных обязанностей, за исключением случаев, предусмотренных нормативными правовыми актами Кыргызской Республики? | да<br>нет |
| | Переданы ли полученные протокольные и иные допустимые подарки на баланс государственного органа или органа | да<br>нет<br>не |

| | | |
|---|---|---|
| | местного самоуправления в установленном порядке? | применимо |
| | Исключено ли влияние любых полученных выгод на объективность и беспристрастность принимаемых мной решений? | да<br>нет |
| Финансовая прозрачность | Своевременно ли представлены сведения о доходах, расходах, имуществе и обязательствах имущественного характера? | да<br>нет |
| | Являются ли представленные сведения полными, достоверными и соответствующими требованиям законодательства Кыргызской Республики? | да<br>нет |
| Соблюдение служебной этики и репутационные риски | Соответствуют ли мои действия принципам законности, добросовестности, объективности и беспристрастности? | да<br>нет |
| | Исключена ли возможность восприятия моих действий (решений) как предвзятых, необоснованных или коррупционно мотивированных? | да<br>нет |
| | Подрывают ли мои действия авторитет государственной (муниципальной) службы и доверие к соответствующему органу? | да<br>нет |

Примечание:

1. В случае получения отрицательного ответа (выявления коррупционного риска) хотя бы на один из контрольных вопросов служащий обязан:

- воздержаться от принятия соответствующего решения или совершения действия (бездействия);
- незамедлительно уведомить непосредственного руководителя;
- принять меры по предотвращению,устранению выявленных нарушений и (или) минимизации коррупционных рисков.

2. Применение настоящего чек-листа способствует формированию устойчивой антикоррупционной культуры, повышению уровня правосознания и ответственности служащих, обеспечению соблюдения принципов законности, прозрачности и подотчетности, а также предупреждению коррупционных правонарушений в системе Ынтымакском айыл окмоту.